БЕКИТЕМ
Экономика жана укук
колледжинин директору
э.и.к, д.м.а. Жороева А.М.
_____
“___” _____

2026-2027-ЖЫЛДАРГА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОРРУПЦИЯГА КАРШЫ МААЛЫМАТТЫК САЯСАТЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ПРОГРАММАСЫН ИШКЕ АШЫРУУ БОЮНЧА ЭКОНОМИКА ЖАНА УКУК КОЛЛЕДЖИНИН ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ ПЦКСЫНЫН ИШ ПЛАНЫ

1. Максаты

Колледжде ачык-айкындуулукту камсыз кылуу, коррупциялык көрүнүштөрдүн алдын алуу жана билим берүү процессинде адилеттүүлүктү бекемдөө.

2. Негизги милдеттери

- Коррупциялык тобокелдиктерди аныктоо жана азайтуу
- Окутуучулар, кызматкерлер жана студенттер арасында укуктук аң-сезимди жогорулатуу
- Ачык-айкын башкарууну жана коомдук көзөмөлдү күчөтүү.

№	*Иштин аталышы*	*Күтүлүүчү натыйжа*	*Аткаруу мөөнөтү*	*Жооптуулар*
Уюштуруу жана укуктук-нормативдик чаралар				
1.	Коррупцияга каршы мыйзамдардын талаптарын окутуучуларга түшүндүрүү	Окутуучулардын укуктук сабаттуулугу жогорулайт.	2026-ж. I жарым жылдыкта	ПЦК башчысы

2.	ПЦКнын жыйынында коррупциянын алдын алуу маселесин кароо	Коррупциянын алдын алуу боюнча милдеттер аныкталып, тиешелүү чечимдер кабыл алынат.	Жылына 1 жолу	ПЦК башчысы
3.	Этикалык нормаларды жана кызматтык тартипти сактоо боюнча ички көзөмөл системасын киргизүү.	Кызматкерлердин жоопкерчилиги жогорулайт.	2026–2027-жж.	ПЦК башчысы
		Маалыматтык-түшүндүрүү иштери		
4.	Коррупцияга каршы темада лекциялар, ачык тарбиялык сааттарды жана тегерек столдорду өткөрүү.	Студенттер менен кызматкерлердин укуктук сабаттуулугу жогорулайт.	Ар жыл сайын,	Социалдык жана тарбия иштери боюнча директордун орун басары, ПЦК башчылары, кураторлор
5.	**Flashmob** "Биз коррупцияга каршыбыз!" өткөрүү.	Студенттердин коррупцияга карата терс мамилеси калыптанат. "Биз коррупцияга каршыбыз!" деген жазуулар менен социалдык тармактарга видео тартышат."	Ар жыл сайын, декабрь	Социалдык жана тарбия иштери боюнча директордун орун басары, ПЦК башчылары, кураторлор
6.	Студенттерге билимди баалоонун критерийлерин түшүндүрүү	Баалоонун ачык-айкындуулугу камсыздалып, студенттер баалоо талаптарын билишет	Ар бир семестрде	Предметтик окутуучулар

Окутуу жана тарбия иш-чаралары				
7.	Коррупцияга каршы темада тарбиялык сааттарды уюштуруу.	Студенттердин укуктук маданияты жана коррупцияга каршы жарандык позициясы калыптанат.	2026–2027-жж.	Кураторлор, окутуучулар.
8.	*«Биз коррупцияга каршыбыз!»* аттуу жыл сайын эссе жана плакаттар сынагын өткөрүү.	Студенттер коомдук активдүүлүккө тартылат.	Ар жыл сайын	Кураторлор
9.	Студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүү жана чечим кабыл алуудагы ачыктыкты камсыз кылууга тартуу.	Жарандык жоопкерчилик өнүгөт.	2026–2027-жж.	Кураторлор, жаштар комитети
Кадрдык жана санариптик саясат				
10.	Окуу журналдарын жана ведомостторду туура жүргүзүү	Окуу документтеринин тактыгы, ишенимдүүлүгү жана туура жүргүзүлүшү камсыздалат	Дайыма	Окутуучулар
11.	Студенттердин арыздарын жана кайрылууларын белгиленген тартипте кароо	Кайрылуулар өз убагында каралып, көйгөйлөрдү мыйзамдуу чечүү мүмкүнчүлүгү камсыздалат	Зарылчылыкка жараша	ПЦК башчы

Мониторинг жана отчеттуулук				
12.	Иш-чаралардын аткарылышын талдоо жана жыйынтыгын ПЦКнын жыйынында кароо	Пландагы иш-чаралардын аткарылышы бааланып, кемчиликтерди жоюу боюнча чаралар белгиленет.	Май-июнь	ПЦК башчы
13.	2026-2027-окуу жылындагы иш пландын аткарылышы боюнча жыйынтык отчет даярдоо	Аткарылган иштердин жыйынтыгы чыгарылып, кийинки мезгилге карата сунуштар иштелип чыгат	Ар жыл сайын, июнь	ПЦК башчысы, ПЦК мүчөлөрү

ЖББ ПЦКсынын башчысы: **Карагулова В.М.**